# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

1999-жылдын 26-июлу № 92

## Инвестициялык фонддор жөнүндө

*(Кыргыз Республикасынын*
*2000-жылдын 29-сентябрындагы № 79, 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67, 2006-жылдын 27-январындагы № 20,*
*2010-жылдын 11-мартындагы № 47 , 2011-жылдын 17-октябрындагы № 172,*
*2012-жылдын 10-октябрындагы № 170 , 2019-жылдын 29-мартындагы N 41*
*Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасындагы инвестициялык фонддордун укуктук статусун аныктайт, аларды уюштуруунун жана алардын ишинин өзгөчөлүктөрүн белгилейт.

### I бөлүм
### Жалпы жоболор

**1-статья. Инвестициялык фонд түшүнүгү**

1. Өзүнүн инвестициялык активдерин чыгаруу жана көпчүлүктүн алдына жайгаштыруу аркылуу акча каражаттарын тартуу жана тартылган акча каражаттарын кийин баалуу кагаздарга диверсифицикациялуу инвестициялоо үчүн түзүлүүчү, ушул Мыйзамда каралган жамааттык инвестициялоо түрлөрү инвестициялык фонддор болуп саналат. Ушул Мыйзамда белгиленген учурларда, инвестициялык фонддорго акча каражаттарын тартуу жеке сунуштоо аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

2. Кыргыз Республикасында инвестициялык фонд катары акционердик инвестициялык фонддор жана үлүштүк инвестициялык фонддор иштешет.

3. Акционердик инвестициялык фонд катары:

- акцияларды ачык сатуу жолу менен жеке жана юридикалык жактардын каражаттарын тарткан;

- тартылган каражаттарды жана инвестициялык ишмердүүлүк учурунда алынган каражаттарды инвестициялык автивдерге инвестициялаган ачык акционердик коом таанылат;

- *(төртүнчү абзац КР 2011-жылдын 17-октябрындагы N 172 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(Бешинчи абзац КР 2011-жылдын 17-октябрындагы N 172 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

4. Ушул Мыйзамда акционердик инвестициялык фонддор деп төмөнкүлөр таанылбайт:

а) коммерциялык банктар жана башка кредиттик мекемелер;

б) камсыздандыруу уюмдары;

в) холдинг компаниялар;

г) дилерлер;

д) брокерлер;

е) депозитарийлер жана клиринг уюмдары.

Жогоруда көрсөтүлгөндөргө кошумча иретинде атайын мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынуучу акционердик коомдор акционердик инвестициялык фонддор болуп саналбайт.

5. Акционердик инвестициялык фонддор Кыргыз Республикасынын ушул Мыйзамына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык аныкталган инвестициялык фонддун ишинен айырмаланган башка ишти жүргүзүүгө, ошондой эле өз иш-аракетинин түрүн өзгөртүүгө укугу жок.

6. Ушул Мыйзамда инвестициялык пайларды көпчүлүккө сунуштоо жолу менен башкаруучу компания тарабынан ишенимдүү башкарууга берилген кардарлардан алынган инвестициялык активдеринен, ошондой эле ишенимдүү башкаруу процессинде башкаруучу компания тарабынан алынган мүлктөн турган, юридикалык жакты түзбөстөн обочолонгон мүлктүн комплекси инвестициялык пайлык фонд деп табылат. Ушул Мыйзамда белгиленген учурларда, үлүштүк инвестициялык фондго акча каражаттарын тартуу инвестициялык үлүштөрдү жеке сунуштоо аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67 , 2011-жылдын 17-октябрындагы № 172 , 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**2-статья. Ушул Мыйзамда пайдаланылган терминдер жана аныктамалар**

*(Абзац КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**Аффилирленген жак** - башка жеке же юридикалык жак тарабынан кабыл алынуучу чечимдерге төмөнкүлөрдүн күчү менен тикелей же кыйыр таасир көрсөтө алган кандай гана болбосун жеке же юридикалык жак:

- түзүлгөн келишимдин;

- акциялардын ири пакетине (үлүшкө) ээ болуунун;

- юридикалык жактын кызмат адамы болуп саналганынын;

- жогоруда көрсөтүлгөн негиздер боюнча башка жеке же юридикалык жак жеке же юридикалык жакка карата контролду жүзөгө ашыра алганынын.

**Сатып алынуучу баалуу кагаз** - акционердик инвестициялык фонд же үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы тарабынан чыгарылган баалуу кагаз, анын ээси бул баалуу кагазды ошол учурда бир баалуу кагазга туура келген колдо бар таза активдердин үлүшүнүн наркына барабар акчалай төлөнүүчү сумманы алып, акционердик инвестициялык фондго же үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясына кайрып берүүгө укугу бар.

**Кызмат адамы** - директорлор кеңешинин төрагасы. мүчөсү, инвестициялык фонддун аткаруу органынын жетекчиси жана мүчөсү, же болбосо башкаруучу компания, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коммерциялык уюмдардын ишин жөнгө салуучу кызмат адамы деп табылган адам.

**Инвестициялык фонддун инвестициялык активдери** - инвестициялык фонд инвестицияларды ишке ашыруучу активдер. Инвестициялык активдердин курамы жана түзүмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**Сатып алынбоочу баалуу кагаз** - ээсинин каалоосу боюнча инвестициялык фонд тарабынан сатып алынбай турган баалуу кагаз.

Инвестициялык фонддун көз карандысыз аудитору:

- ошол инвестициялык фонддун аффилирленген жагы болуп саналбаган;

- инвестициялык фонддун аффилирленген жагынын аффилирленген жагы болуп саналбаган аудитордук уюм.

**Инвестициялык фонддун мүлкүн көз карандысыз баалоочу** - инвестициялык фонд менен келишимдин негизинде мамлекеттик эмес мүлктү баалоону жүзөгө ашырган жеке же юридикалык жак.

**Жүгүртүүдөгү баалуу кагаздардын жалпы саны** - сатып алынган баалуу кагаздардын жалпы санын алып салганда, инвестициялык фонддун жайгаштырылган баалуу кагаздарынын жалпы саны. Ачык инвестициялык фонд жана интервалдык фонд үчүн жүгүртүүдөгү баалуу кагаздардын жалпы саны өзгөрүп турат. Ушул Мыйзамдын 18-1-статьясынын негизинде милдеттүү тындырууга карата инвестициялык үлүштөрдү берүү учурларын кошпогондо, жабык үлүштүк инвестициялык фонд үчүн жүгүртүүдөгү баалуу кагаздардын жалпы саны туруктуу болот.

**Жайгаштырылган баалуу кагаз** - акционердик инвестициялык фонд же үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы тарабынан чыгарылып, анын ээсинин колунда турган, акционердик инвестициялык фонд же ушул баалуу кагазды чыгарган үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы сатып алган баалуу кагаздан тышкаркы баалуу кагаз.

**Инвестициялык фонддун таза активдеринин наркы** - фонддун милдеттенмелерин чыгарып таштагандан кийинки анын активинин жалпы наркы.

**Депозитардык иш** - баалуу кагаздарга карата болгон укукту жана (же) укуктун эсебин алууга өтүшүн каттоо жана (же) ошол баалуу кагаздардын жана бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруу үчүн арналган, ошондой эле менчик ээси же ошол баалуу кагаздардын номиналдык кармоочу менен түзүлгөн келишимдин (депозитардык келишимдин) негизинде жасалган бүтүмдөрдөн түшкөн акча каражаттарын сактоо боюнча иш.

**Баалуу кагаздарга карата таза активдердин наркы** - инвестициялык фонддун таза активдеринин инвестициялык фонддун жайгаштырылган баалуу кагаздарынын жалпы санына карата наркы.

**Башкаруучу компания** - башкаруучу компаниянын кардарларынын кызыкчылыктарында жана алардын эсебинен өзүнүн атынан инвестициялык активдерге ишенимдүү башкаруу боюнча ишти жүзөгө ашырган баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусу.

**Инвестициялык фонддун иши** - өзүнүн баалуу кагаздарын чыгаруу жана көпчүлүктүн алдына жайгаштыруу жана тартылган каражаттарды баалуу кагаздар менен башка инвестициялык активдерге андан ары диверсифициялап инвестиция кылуу аркылуу акча каражаттарын тартуу боюнча иш.

**Инвестициялык кирешелер** - инвестициялык фонд тарабынан инвестициялык иштин жүрүшүндө алынган кирешелер.

**Пайданы капиталдаштыруу** - инвестициялык фонддун акциясы түрүндөгү дивиденддерди төлөп берүү.

**Квалификациялуу инвестор** - баалуу кагаздар рыногу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында квалификациялуу инвесторго коюлган талаптарга ылайык келген жеке же юридикалык, анын ичинде Кыргыз Республикасынын резиденти болуп саналбаган жак. Квалификациялуу инвестор акча каражаттарын инвестициялык фонддордун баалуу кагаздарына инвестициялоого багытталган кандай гана болбосун документтерге кол коюуда ушундай жак катарында өзүнүн статусун көрсөтүүгө милдеттүү.

**Квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонд** - акцияларына (үлүштөрүнө) квалификациялуу инвестор гана ээлик кылуучу жабык типтеги инвестициялык фонд.

**Инвестициялык үлүш боюнча орто аралыктагы киреше** - үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушунун чечиминин негизинде жабык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине ылайык инвестициялык үлүш ээлерине төлөнүүчү инвестициялык үлүш боюнча киреше. Орто аралыктагы киреше жылына бир жолудан көп эмес төлөнөт.

*(КР 2000-жылдын 29-сентябрындагы № 79, 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67, , 2010-жылдын 11-мартындагы № 47, 2011-жылдын 17-октябрындагы № 172, 2012-жылдын 10-октябрындагы №170 , 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

3-статья. Кыргыз Республикасындагы инвестициялык фонддордун ишин жөнгө салуучу мыйзамдар

Инвестициялык фонддор жөнүндөгү мыйзамдар ушул Мыйзамдан, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

**4-статья. Инвестициялык фонддордун түрлөрү**

Акционердик инвестициялык фонддор төмөнкүлөргө бөлүнөт:

- акционерлердин талабы боюнча (ачык акционердик инвестициялык фонддор) өзү эмиссиялаган акцияларды сатып алууга милдеттүү инвестициялык фонддор;

- интервалдык инвестициялык фонддор (интервалдык акционердик инвестициялык фонддор), алардын акциялары алардын ээлерине мурдатан макулдашылган мөөнөттө, бирок жылына бир жолудан кем эмес алардын наркын төлөп берүүнү эмитенттен талап кылуу укугун берет;

- акционерлердин талабы боюнча өзү эмиссиялаган акцияларды сатып алууга милдеттүү эмес инвестициялык фонддор (жабык акционердик инвестициялык фонддор).

Үлүштүк инвестициялык фонддор төмөнкүлөргө бөлүнөт:

- үлүштөрдүн ээлеринин талабы боюнча өзү эмиссиялаган инвестициялык үлүштөрдү сатып алууга милдеттүү инвестициялык фонддор (ачык үлүштүк инвестициялык фонддор);

- интервалдык инвестициялык фонддор (интервалдык үлүштүк инвестициялык фонддор), алардын инвестициялык үлүштөрү аларды ээлерине мурдатан макулдашылган мөөнөттө, бирок жылына бир жолудан кем эмес алардын наркын төлөп берүүнү башкаруучу компаниядан талап кылуу укугун берет;

- үлүштүк инвестициялык фонддор тарабынан эмиссияланган инвестициялык үлүштү үлүш ээлеринин (жабык үлүштүк инвестициялык фонддордун) талабы боюнча сатып алуу милдеттенмеси жок үлүштүк инвестициялык фонддор.

*(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**5-статья. Инвестициялык фонддун аталышы**

1. Инвестициялык фонддун аталышы анын түрүнө ылайык келүүгө тийиш. Инвестициялык фонддун аталышында милдеттенменин түрүнө жараша:

инвестициялык фонд ачык, интервалдык же жабык болуп санала турганын көрсөтүү менен "акционердик инвестициялык фонд";

инвестициялык фонд ачык, интервалдык же жабык болуп санала турганын көрсөтүү менен "үлүштүк инвестициялык фонд" деген сөздөр сөзсүз болууга тийиш.

2. Ушул Мыйзамдын жоболоруна ылайык акционердик инвестициялык фонд деп таанылбаган юридикалык жактар өздөрүнүн аталыштарында "инвестициялык фонд" деген аталышты колдонууга укуксуз болушат.

Үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясын кошпогондо, бир да адам "үлүштүк инвестициялык фонд" деген сөздөрдү каалаган айкалышта пайдалануу менен акча каражаттарын жана бөлөк мүлктү тартууга укугу жок.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

6-статья. Инвестициялык декларация

1. Инвестициялык декларация - инвестициялык фонддун инвестицияларынын максаты жөнүндөгү маалымат жана инвестициялык фонддун уставында жана үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринде камтылган анын инвестициялык саясатынын багыттарынын баяндалышы.

2. Инвестициялык декларацияда капиталдык салымдарды диверсификациялоонун даражасы жана инвестициялык фонддун инвестициялык максаттарын ишке ашырууга байланышкан тобокелдиктер тууралу маалымат камтылууга тийиш.

3. Акционердик инвестициялык фонддун инвестициялык декларациядагы уюштуруу чогулушу тарабынан бекитилет. Инвестициялык декларациядагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор инвестициялык фонддун акционерлеринин жалпы чогулушу тарабынан бекитилет.

4. Үлүштүк инвестициялык фонддун инвестициялык декларациясы башкаруучу компания тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## II бөлүм
## Акционердик инвестициялык фонддор

### 7-статья. Акционердик инвестициялык фонддорду түзүү, уюштуруу жана каттоо

1. Акционердик инвестициялык коом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте түзүлөт. Акционердик инвестициялык фонд мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан баштап түзүлдү деп эсептелинет.

2. Кыргыз Республикасынын юридикалык жана жеке жактары, чет өлкөлүк юридикалык жана жеке жактары, ошондой эле жарандыгы жок адамдар акционердик инвестициялык фонддун уюштуруучусу же акционери боло алышат.

3. Акционердик инвестициялык фондду уюштурууда уставдык капитал уюштуруучулардын кеминде 5 миң эсептешүү көрсөткүчтөрүндөгү мүчөлүк акыларынын эсебинен түзүлөт. Инвестициялык фонд катталган учурда анын уставдык капиталы уюмдаштыруучуларынын ортосунда толук бөлүштүрүлүүгө жана акционердик коомдор жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алар тарабынан төлөнүүгө тийиш. Тиешелүү лицензияны алуу тууралу арыз берээрден мурда инвестициялык фонддун уюмдаштыруучулары өздөрүнүн төгүмдөрүн толугу менен төгүүгө тийиш.

4. Акционердик инвестициялык фонддун уставдык капиталы улуттук валютадагы акча каражаттары менен гана төлөнөт. Аны Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча эсепке алынган шартта, Акционердик инвестициялык фонддун уставында квалификациялуу инвесторлор үчүн уставдык капиталды чет өлкөлүк валюта менен төлөө мүмкүнчүлүгү каралышы мүмкүн.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67, 2006-жылдын 27-январындагы № 20 , 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

8-статья. Акционердик инвестициялык фонддорду башкаруу органдары

1. Акционерлердин жалпы чогулушу акционердик инвестициялык фонддун жогорку башкаруу органы болуп саналат.

2. Фонддун акционерлеринин чогулуштарынын ортосундагы мезгилде директорлор кеңеши анын жогорку башкаруу органы болуп саналат.

3. Акционердик инвестициялык фонддун аткаруу органы ички (коллегиалдуу орган - башкарма, жеке башкаруучу - башкы директор же башкаруучу) же тышкы (башкаруучу компания) боло алат.

Аткаруу органынын түрү (ички, тышкы) акционерлердин жалпы чогулушунда аныкталат жана акционердик инвестициялык фонддун уставында чагылдырылат.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 9-статья. Инвестициялык фонддун акционерлеринин жалпы чогулушу

1. Инвестициялык фонддун акционерлеринин жалпы чогулушунун гана компетенциясына инвестициялык фонддун директорлор кеңеши тарабынан акционерлердин жалпы чогулушунун кароосуна коюлган:

1) инвестициялык фонддун уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндөгү;

2) инвестициялык фонддун уставдык капиталын өзгөртүү (көбөйтүү же азайтуу) жөнүндөгү;

3) мурда чыгарылган акцияларды топтоо жана бөлүштүрүү, кошумча акцияларды чыгаруу жөнүндөгү;

4) инвестициялык фонддун ишинин жылдык натыйжаларын бекитүү жөнүндөгү;

5) инвестициялык декларацияга карата өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алуу жөнүндөгү;

6) инвестициялык фондду жоюу жана кайра уюштуруу, жоюучу комиссияны дайындоо, жоюу балансын бекитүү жөнүндөгү;

7) пайданы бөлүштүрүүнүн жана чыгашаларды жабуунун тартибин бекитүү жөнүндөгү;

8) инвестициялык фонддун директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө төлөнүүчү акынын өлчөмүн белгилөө жөнүндөгү;

9) фонддун көз карандысыз аудиторун дайындоо жөнүндөгү;

10) директорлор кеңешин шайлоо, ошондой эле анын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндөгү маселелер кирет.

11) инвестициялык фонддун ички (башкарма же башкы директор/башкаруучу) же тышкы (башкаруучу компания) башкарууларды киргизүү жөнүндө;

12) алдыдагы финансылык жылга инвестициялык фонддун чыгымдарынын сметасын бекитүү жөнүндө.

2. Акционерлердин жалпы чогулушунун компетенциясына инвестициялык фонддун уставы менен инвестициялык фонддун иш-аракетинин башка маселелери да киргизилиши мүмкүн.

3. Акционердик инвестициялык фонд башка чогулуштарга карабастан жылына бир жолу акционерлердин жылдык жалпы чогулушун өткөрөт. Акционерлердин жылдык жалпы чогулушу инвестициялык фонддун директорлор кеңеши тарабынан чакырылат жана отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-апрелине чейин өткөрүлөт.

Күн тартибинин:

- инвестициялык фонддун ишинин жылдык натыйжасын бекитүү жөнүндөгү;

- пайданы жана чыгашаларды бөлүштүрүүнүн тартиби жөнүндөгү;

- *(абзац КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту);*

- алдыдагы финансылык жылга инвестициялык фонддун чыгымдарынын сметасын бекитүү жөнүндө.

Акционерлердин жалпы чогулушунун күн тартибиндеги бардык маселелер так белгиленүүгө тийиш.

4. Жылдык чогулуштан бөлөк акционерлердин бардык жалпы чогулуштары кезексиз чогулуштар болуп саналат.

5. Акционерлердин бир жалпы чогулушун ар башка жерде жана ар кандай убакта өткөрүүгө жол берилбейт.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

10-статья. Акционерлердин жалпы чогулушун чакыруунун тартиби

1. Инвестициялык фонддун акционерлеринин жалпы чогулушун өткөрүү жөнүндөгү билдирүү бардык акционерлерге буйрутма кат жөнөтүү массалык маалымат каражаттарында жарыялоо жолу менен жүргүзүлөт.

Билдирүү инвестициялык фонддун аткаруу органы жана (же) директорлор кеңеши тарабынан массалык маалымат каражаттарынын кыргыз жана орус тилдеринде чогулуш өткөрүүгө чейин кеминде 20 күн мурда жарыяланууга тийиш.

Акционерлердин жылдык жалпы чогулушун өткөрүү жөнүндөгү билдирүүдө төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

- акционерлердин жылдык жалпы чогулушун өткөрүүчү жер жана убакыт;

- чогулуштун күн тартибине киргизилген маселелер так көрсөтүлгөн күн тартип;

- инвестициялык фонддун ишинин натыйжасы (таза активдердин наркы, бир акцияга туура келген таза активдердин наркы, отчеттук мезгил ичиндеги алардын өзгөрүшү);

- инвестициялык фонддун акционерлеринин жалпы чогулушунун материалдары менен акционерлерди тааныштыруу тартиби.

2. Акционерлердин кезексиз жалпы чогулушу директорлор кеңешинин чечими боюнча өткөрүлөт. Акционерлердин жалпы чогулушун өткөрүүгө төмөнкүлөр демилгечи болушу мүмкүн:

- директорлор кеңеши;

- инвестициялык фонддун аткаруу органы;

- акционердик инвестициялык фонддун чогуу алганда акцияларынын кеминде 10 пайызына ээ болгон акционерлер (акционер);

- депозитардык келишимде каралган учурда инвестициялык фонддун депозитарийи.

Акционерлердин кезексиз чогулушун өткөрүү жөнүндө билдирүүдө төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

- акционерлердин кезексиз жалпы чогулушу өткөрүлүүчү жер жана убакыт;

- чогулуштун күн тартибине киргизилген маселелер так көрсөтүлгөн акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунун күн тартиби;

- инвестициялык фонддун акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушунун материалдары менен акционерлерди тааныштыруу тартиби;

- кезексиз жалпы чогулушту өткөрүүнүн демилгечиси.

3. Акционерлердин жалпы чогулушу билдирүүдө көрсөтүлгөн убакытта, күн тартибин өзгөртпөстөн өткөрүлөт.

4. Акционерлердин жалпы чогулушу, эгерде ага катышуу үчүн каттоо аяктаган учурга карата инвестициялык фонддун жайгаштырылган акцияларынын 60 пайыздан ашык добушуна ээ болгон акционерлер (алардын өкүлдөрү) катталса, укуктуу деп табылат.

5. Кворум болбой калган учурда директорлор кеңеши каттоодон өткөн акционерлерге (алардын өкүлдөрүнө) ошол эле күнү акционерлердин жалпы чогулушун өткөрүүнү сунуш кылууга милдеттүү. Акционерлердин жалпы чогулушун ошол эле күнү өткөрүү жөнүндөгү чечим жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Акционерлердин жаңы жалпы чогулушун өткөрүүдө күн тартибин өзгөртүүгө жол берилбейт.

6. Инвестициялык фонддун акционерлеринин жылдык жалпы чогулушунун компетенциясына кирбеген чечимдер сырттан добуш берүү жолу менен кабыл алынышы мүмкүн. Сырттан добуш берүү жолу менен чечимдер кабыл алуунун тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67, 2010-жылдын 11-мартындагы № 47 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

11-статья. Акционерлердин жалпы чогулушунун чечимдер кабыл алышынын тартиби

1. Ар бир акционер жалпы чогулушка жеке өзү же ишеним каты бар өкүлү аркылуу катышууга укуктуу.

2. Добуш берүүгө берилген ишеним кат анын ээсине акционерлердин жалпы чогулушунун күн тартибине киргизилген маселелер боюнча гана добуш берүүгө укук берүүгө тийиш.

3. Ишеним кат ички аткаруу органынын мүчөлөрүнө же инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясынын кызмат адамдарына берилбейт.

4. Ишеним кат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жол-жоболоштурулууга тийиш.

5. Директорлор кеңешин шайлоодо добуш берүүдөн тышкарыда, жалпы чогулушта добуш берүү "бир акция -бир добуш" эрежеси боюнча өткөрүлөт.

6. Инвестициялык фонддун директорлор кеңешин шайлоо кумулятивдик добуш берүү жолу менен жүргүзүлөт.

7. Ушул Мыйзамдын 9-статьясынын 1-бөлүгүнүн 1-5 жана 7-9-пункттарында көрсөтүлгөн маселелер боюнча чечим чогулушта катталган акционерлердин же алардын өкүлдөрүнүн санынын кеминде үчтөн экисинин добушу менен кабыл алынат.

Ушул Мыйзамдын 9-статьясынын 1-бөлүгүнүн 6-пунктунда көрсөтүлгөн маселелер боюнча чечим жайгаштырылган акциялардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

8. Эгерде инвестициялык фонддун акционерлеринин жалпы чогулушун өткөрүү жөнүндө маалымдаманы массалык маалымат каражаттарында жарыялоо мөөнөтү ушул Мыйзам менен белгиленген мөөнөттөн азыраак болсо же чогулушту чакыруу тууралу кабарлама (тапшырык каттар) инвестициялык фонддун акционерлерине жөнөтүлбөсө, чогулуштун чечими чогулушта бир добуштан кабыл алынган шартта гана юридикалык күчкө ээ болот.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67, 2010-жылдын 11-мартындагы № 47 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

12-статья. Акционердик инвестициялык фонддун директорлор кеңеши

1. Акционердик инвестициялык фонддун директорлор кеңеши акционерлердин чогулуштарынын ортосундагы мезгилде өз компетенциясынын чектеринде инвестициялык фондду башкарат жана аткаруу органынын жана акционердик инвестициялык фонддор менен келишимдик мамиледе болгон башка субъекттердин ишине контролдук кылат.

2. Директорлор кеңеши акционерлердин атынан инвестициялык фонддун ишине контролдук кылат.

3. Директорлор кеңеши жыл сайын акционерлерге инвестициялык фонддун иши жөнүндө көз карандысыз аудитор ырастаган толук отчетту берип турат.

4. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн саны акционерлердин жалпы чогулушунда аныкталат, бирок бештен аз болбоого жана дайыма так санда болууга тийиш.

5. *(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67 Мыйзамына ылайык алып салынган)*

6. Директорлор кеңешинин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү акционердик инвестициялык фонддун уставы менен аныкталат, бирок үч жылдан ашпоого тийиш.

7. Депозитарийдин, адистешкен каттоочунун, аудитордун жана инвестициялык фонддун мүлкүн көз карандысыз баалоочунун аткаруу органынын мүчөлөрү (башкаруучу компаниянын кызмат адамдары), кызмат адамдары инвестициялык фонддун директорлор кеңешинин курамына кире албайт.

8. Кызматтык жана экономикалык кылмышы үчүн жазык жоопкерчилигине тартылган адамдар инвестициялык фонддун директорлор кеңешинин мүчөлөрү боло албайт.

9. Инвестициялык фонддун директорлор кеңешинин компетенциясына:

- башкаруучу компания менен инвестициялык фондду башкаруу жөнүндө ички аткаруу органынын мүчөлөрүн дайындоо же келишим түзүү;

- инвестициялык фондду башкаруу жөнүндө келишимге өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө чечим кабыл алуу;

- аткаруу органынын ыйгарым укугун мөөнөтүнөн мурда токтотуу же инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы менен келишимди мөөнөтүнөн мурда бузуу жөнүндө чечим кабыл алуу;

- аткаруу органдын мүчөлөрүнө же инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясына акы төлөөнүн тартибин жана анын өлчөмүн белгилөө;

- аткаруу органынын сунушу боюнча каттоочу, депозитарий, баалуу кагаздарды жайгаштыруу жана сатып алуу боюнча агент, мүлктү көз карандысыз баалоочу жана көз карандысыз аудитор менен келишим түзүү же бузуу;

- инвестициялык фондду башкаруу боюнча иш жүргүзүү менен байланышкан жана акционерлердин жалпы чогулушунун гана компетенциясына жана инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясынын компетенциясына кирбеген башка маселелер кирет.

10. Директорлор кеңешинин заседаниелери айына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Аларда инвестициялык фонддун аткаруу органынын иши жөнүндө маалыматы угулат жана директорлор кеңешинин компетенциясына кирген маселелер чечилет.

11. Директорлор кеңешинин заседаниесинин чечими, эгер аны жактап директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгү добуш берсе, кабыл алынды деп эсептелет.

12. Инвестициялык фонддун башкарууучу компаниясы жана анын кызмат адамдары катышкан баалуу кагаздар менен жасалган бардык бүтүмдөр жөнүндө ай сайын директорлор кеңешине маалымат берилүүгө тийиш. Мындай талап инвестициялык фонд чыгарган акциялар менен, ошондой эле инвестициялык фонддун активдеринде турган башка эмитенттердин баалуу кагаздары менен жасалган бүтүмдөргө тиешелүү болот. Директорлор кеңеши мындай бүтүмдөрдү туруктуу текшерип турат.

Директорлор кеңеши мындай бүтүмдөрдүн:

1) таламдардын каршылашуусуна алып келбей тургандыгына;

2) колдонуудагы мыйзамдарды бузбай тургандыгына;

3) инвестициялык фондду башкаруу жөнүндө келишимдин жоболорун бузбай тургандыгына;

4) инвестициялык фонддун уставын же проспектин эмиссиясын бузбай тургандыгына ынанууга тийиш.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**12-1-статья. Акционердик инвестициялык фонддун аткаруу органы**

1. Акционердик инвестициялык фонддун аткаруу органы ушул Мыйзамда жана уставда берилген ыйгарым укуктардын чегинде акционердик инвестициялык фонддун ишине жетекчилик кылат.

2. Акционердик инвестициялык фонддун аткаруу органынын ыйгарым укуктарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында же уставда аныкталган акционердик инвестициялык фонддун башка башкаруу органдарынын айрыкча компетенциясына кирбеген бардык маселелерди чечүү кирет.

3. Акционердик инвестициялык фонддун аткаруу органынын мүчөлөрү акционердик инвестициялык фонддун директорлор кеңеши тарабынан дайындалат.

4. Акционерлердин жалпы чогулушунун чечими менен акционердик инвестициялык фонддун аткаруу органынын функциялары келишим боюнча башкаруучу компанияга өткөрүлүп берилиши мүмкүн. Башкаруучу компанияны тандап алуу жана аны менен келишим түзүү акционердик инвестициялык фонддун директорлор кеңешинин компетенциясына кирет. Акционердик инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы инвестициялык активдерди ишенимдүү башкаруу боюнча баалуу кагаздар рыногундагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын лицензиясына ээ болууга тийиш.

5. Акционердик инвестициялык фонддун уставы фондду башкаруунун тартиби жөнүндө жоболорду камтууга тийиш.

6. Акционердик инвестициялык фонддун аткаруу органынын мүчөлөрүнө төлөмдөрдүн тартиби жана сыйакылардын өлчөмү акционердик инвестициялык фонддун директорлор кеңеши тарабынан белгиленет.

7. Жыл сайын акционерлердин чогулушун өткөрүүгө 20 календардык күн калганга чейин акционердик инвестициялык фонддун аткаруу органы бухгалтердик балансты, кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетту жана башка финансылык отчетторду камтыган жылдык отчетту даярдоого жана таанышуу үчүн бул материалдардын акционерлерге жеткиликтүү болушун камсыз кылууга тийиш.

Акционердик инвестициялык фонддун аткаруу органынын жылдык отчетуна фонддун башкармасынын төрагасы же болбосо анын башкы директору же болбосо башкаруучу компаниянын жетекчиси кол коюшу керек жана жылдык отчет акционердик инвестициялык фонддун директорлор кеңешинин отурумунда каралууга жана жактырылууга тийиш

*(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**13-статья. Акционердик инвестициялык фонддун акциялары**

1. Акционердик инвестициялык фонд өзүнүн жөнөкөй акцияларын жарыя эмиссиялоо же жекече сунуштоо (жабык жайгаштыруу) аркылуу акча каражаттарын тартат.

2. Акцияларды чыгаруу Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар рыногу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Акционердик инвестициялык фонддун акциялары аларды жайгаштыруу же андан кийин сатуу учурунда (сатып алынган акциялар үчүн) акча каражаттары менен гана төлөнөт (пайданы капиталдаштыруу учурун кошпогондо) жана кызмат көрсөтүү үчүн акы төлөө катары берилиши мүмкүн эмес.

*(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

14-статья. Акционердик инвестициялык фонддун акцияларын чыгарууну каттоо

Акциялардын эмиссиясын жана же эмиссиянын проспектисин жана инвестициялык фонддун көпчүлүктүн алдына сунуш кылуусунун шарттарын мамлекеттик каттоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

*(КР 2011-жылдын 17-октябрындагы № 172 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**15-статья. Акционердик инвестициялык фонд тарабынан акцияларды сатып алуу**

1. Акционердик инвестициялык фонд тарабынан акцияларды сатып алуу акционердик инвестициялык фонддун жайгаштырылган бир акциясына туура келүүчү таза активдердин наркына тең баада жүргүзүлөт.

2. Ачык акционердик инвестициялык фонд үчүн анын акцияларынын сатып алуу баасы күн сайын ар бир күндүн аягында эсептелип чыгат жана ал кийинки күндүн ичинде гана пайдаланууга жарактуу. Сатып алуу баасы сатып алууга тиешелүү табыштама берилген күнү аныкталат.

3. Интервалдык акционердик инвестициялык фонд үчүн анын акцияларынын сатып алуу баасы ушул статьянын 2-пунктуна ылайык эсептелип чыгат жана фонддун уставында белгиленген интервалдардын ичинде колдонулат. Интервалдык акционердик инвестициялык фонддун акцияларын сатып алуу жылына кеминде бир жолу жүзөгө ашырылууга тийиш.

4. Жабык акционердик инвестициялык фонд үчүн анын акцияларын сатып алуу "Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жүзөгө ашырылат.

5. Төмөнкү мезгилдерди кошпогондо, инвестициялык фонд сатып алууга берилген акциялар үчүн төлөмдү 14 календардык күндөн ашык кармоого укуксуз:

- фондулук биржа жабылган же баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан фондулук биржада соода кылууга тыюу салынган мезгилди;

- баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан инвестициялык фонддун активдери сарамжалдуу эмес жайгаштырылышы же инвестициялык фонд тарабынан анын таза активдеринин наркы адекваттуу эмес аныкталышы мүмкүн болгон өзгөчө кырдаалдын бар экени аныкталган мезгилди.

*(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**16-статья. Акционердик инвестициялык фонддун акцияларды чыгаруусу**

1. Инвестициялык фонд бир эле учурда сатып алынуучу жана сатып алынбай турган акцияларды чыгара албайт.

2. Акционердик инвестициялык фонддун акцияларын жайгаштыруу алардын номиналдуу наркынан төмөн болгон баа менен жүргүзүлө албайт.

Сатып алынуучу акцияларды чыгарган инвестициялык фонд аларды бир акцияга туура келген жайгаштырылган таза активдердин наркынан төмөн баада сата албайт.

*3. (КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*4. (КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67 Мыйзамына ылайык алып салынган)*

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

17-статья. Акционердик инвестициялык фондду жоюу

1. Акционердик инвестициялык фонд Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жоюлушу мүмкүн.

2. Өз ыктыяры менен же соттук тартипте жоюу учурунда акционерлердин жалпы чогулушунда кабыл алынган инвестициялык фондду жоюу жөнүндөгү чечим Баалуу кагаздардын рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жөнөтүлөт.

3. Акционердик инвестициялык фонд мамлекеттик тизмеге тийиштүү жазуу жазылган учурдан баштап жоюлду деп эсептелет.

(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67, 2010-жылдын 11-мартындагы № 47 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

## III бөлүм
## Үлүштүк инвестициялык фонддор

18-статья. Үлүштүк инвестициялык фонддорду түзүү жана каттоо

1. Үлүштүк инвестициялык фонд Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык юридикалык жакты түзбөстөн инвестициялык активдерди ишенимдүү башкаруу боюнча келишимдин негизинде түзүлөт.

2. Үлүштүк инвестициялык фонд башкаруучу компания тарабынан үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелери Баалуу кагаздардын рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталган учурдан баштап түзүлдү деп эсептелинет.

3. Үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерин каттоонун милдеттүү шарттары:

- башкаруучу компанияда тийиштүү лицензиянын болушу;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен типтүү келишимге ылайык адистешкен депозитарий менен жана адистештирилген каттоочу, жана көз карандысыз аудитор менен келишимдер түзүү.

4. Үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерин каттоонун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жөнгө салынат.

*(КР [2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67](), [2010-жылдын 11-мартындагы № 47](), [2011-жылдын 17-октябрындагы № 172]() Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**18-1-статья. Жабык үлүштүк инвестициялык фондду түзүүнүн жана башкаруунун өзгөчөлүктөрү**

1. Анын инвестициялык үлүштөрүн жайгаштыруу жеке сунуштоо жолу менен гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн болгон шартта жабык үлүштүк инвестициялык фонд квалификациялуу инвесторлор үчүн гана түзүлүшү мүмкүн.

2. Жабык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелери инвестициялык үлүш боюнча орто аралыктагы кирешени төлөп берүүнү карашы мүмкүн, мында мындай кирешени төлөө киреше жүгүртүүдөгү бардык инвестициялык үлүштөр боюнча гана төлөнүп берилет. Орто аралыктагы кирешени төлөп берүү жабык үлүштүк инвестициялык фонддун таза активдеринин наркынын 20 пайыздан ашык төмөндөшүнө алып келбеши керек. Инвестициялык үлүш боюнча орто аралыктагы кирешени төлөп берүү жөнүндө чечим үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушунда кабыл алынышы керек. Эгерде орто аралыктагы кирешени төлөп берүү жабык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежесинде каралса, бирок үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушунда мындай төлөм жөнүндө чечим кабыл алынбаса, анда төлөмдөр жүргүзүлбөйт.

3. Үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушу - үлүштүк инвестициялык фондду башкаруунун жогорку органы, анын компетенциясына төмөнкү маселелерди чечүү кирет:

- жабык үлүштүк фонддун эрежесине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;

- орто аралыктагы кирешени төлөп берүү жана анын өлчөмүн бекитүү;

- жабык үлүштүк инвестициялык фондду мөөнөтүнөн мурда жоюу.

Жабык үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушунун компетенциясына кирген маселелер боюнча чечим кабыл алуу үчүн үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушун чакырууга жана өткөрүүгө милдеттүү.

Жабык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежесин өзгөртүү жөнүндө маселени үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушунда кароо, милдеттүү түрдө жабык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө каршы добуш берген үлүшчүлөрдөн инвестициялык үлүштөрдү сатып алуу талабына укуктун пайда болушуна алып келет.

Үлүшчүлөрдүн жаппы чогулушун чакыруунун жана өткөрүүнүн тартиби жабык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринде каралууга жана Кыргыз Республикасынын ачык акционердик коомдору үчүн акционерлердин кезексиз жыйналыштарына карата колдонулуучу нормаларга ылайык келүүгө тийиш.

4. Башкаруучу компаниянын үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушун чакырууга жана өткөрүүгө байланышкан чыгымдары жабык үлүштүк инвестициялык фондду түзүүчү мүлктүн эсебинен төлөнөт.

5. Эгерде жалпы чогулушка катышуу үчүн каттоо аяктаган учурга карата жайгаштырылган инвестициялык үлүштөрдүн 80 пайызынан ашыгына ээлик кылган үлүшчүлөр (алардын өкүлдөрү) катталса, үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушу укук ченемдүү деп таанылат. Үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушунда добуш берүү "бир үлүшчү - бир добуш" принциби боюнча жүзөгө ашырылат. Үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушунда бардык чечимдер чогулушка катышкан үлүшчүлөрдүн жөнөкөй көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.

6. Жалпы чогулуштун протоколунун көчүрмөсү ал өткөрүлгөн күндөн тартып 3 жумушчу күндөн кечиктирилбестен, баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жиберилүүгө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте ошол үлүштүк инвестициялык фонддун кайсы болбосун үлүшчүсүнүн биринчи талабы боюнча ага берилүүгө тийиш.

7. Жабык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор, үлүшчүлөрдүн жалпы чогулушу тарабынан мындай өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бекитүү жөнүндө чечим ал кабыл алынган күндөн тартып 10 жумушчу күндөн кечиктирилбестен, баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга каттоо үчүн берилүүгө тийиш.

*(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**19-статья. Үлүштүк инвестициялык фондго катышуу**

1. Үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы менен ошол үлүштүк инвестициялык фондго акча каражаттарын же башка мүлктү берген жактардын (инвесторлордун) ортосунда мүлктү үлүштүк инвестициялык фонддун курамында ишенимдүү башкарууга өткөрүп берүү жөнүндө ачык оферта шарттарын инвесторлор тарабынан акцептөө жолу менен мүлктү ишенимдүү башкарууга өткөрүп берүү жөнүндө келишим түзүлөт. Баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталган үлүштүк инвестициялык фонддун эрежеси ушундай ачык оферта болуп саналат. Жабык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринде ушул Мыйзамга ылайык инвестициялык актив катары аныкталган кайсы болбосун активдерди ушул үлүштүк инвестициялык фондго өткөрүп берүү каралышы мүмкүн.

2. Үлүштүк инвестициялык фондду түзгөн мүлктөгү инвесторлордун үлүштөрү инвестициялык үлүштөр менен ырасталат.

3. Үлүштүк инвестициялык фонддун мүлкү инвесторлордун ишенимдүү башкарууга берилген мүлкүнөн, ошондой эле башкаруучу компания инвесторлордун каражаттарын ишенимдүү башкаруу процессинде алган мүлктөн турат.

4. Үлүштүк инвестициялык фонддун мүлкү башкаруучу компаниясынын мүлкүнөн жана ошол башкаруучу компаниясы менен башкарган башка инвестициялык фонддорду түзгөн мүлктөн өзүнчө күтүлүүгө жана эсепке алынууга тийиш.

5. Үлүштөрдүн ээлери үлүштүк инвестициялык фондду башкарууга байланыштуу келип чыккан башкаруучу компаниянын милдеттенмелери боюнча

өздөрүнө таандык инвестициялык үлүштөрдүн наркынын чегинде гана жооп беришет.

Инвестициялык үлүштөрдүн ээлери үлүштүк инвестициялык фондду түзүүчү мүлктүн рыноктук наркынын өзгөргөндүгүнө байланышкан чыгымдардын тобокелдигин көтөрүшөт.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**20-статья. Үлүштүк инвестициялык фонддордун инвестициялык үлүштөрү**

1. Инвестициялык үлүш энчилүү баалуу кагаз болуп саналат, ал төмөндөгүлөрдү ырастайт:

үлүштүк инвестициялык фондду түзүүчү мүлккө болгон менчик укугуна анын ээсинин үлүшүн;

анын ээсинин укугун:

- аны инвестициялык фондго кайтарып берүүгө, бул үчүн таза активдердин наркынын жайгаштырылган инвестициялык үлүштөрүнүн жалпы санына катышы катары аныктала турган өлчөмдөгү акчалай түрүндө төлөнгөн сумманы алууга;

- башкаруучу компаниядан үлүштүк инвестициялык фондду ойдогудай ишенимдүү башкарууну талап кылууга;

- үлүштүк инвестициялык фонддун жана анын башкаруучу компаниясынын иши менен байланышкан маалыматтарды алууга.

*(Абзац КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

- ушул Мыйзамда каралган учурларда инвестициялык үлүштөрдүн ээлеринин жалпы чогулушуна катышууга;

- эгерде жабык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринде мындай кирешени төлөп берүү каралса, бул фондду түзүүчү мүлктү ишенимдүү башкаруудан киреше (орто аралыктагы киреше) алууга.

2. Үлүштүк инвестициялык фонддун инвестициялык үлүштөрүнүн эмитенти башкаруучу компания болуп саналат. Инвестициялык үлүштөрдү чыгаруунун, аларды жайгаштыруунун жана жүгүртүүнүн тартиби инвестициялык фонддун эрежелери менен белгиленет.

3. Инвестициялык үлүш номиналдык наркка ээ болбойт. Инвестициялык үлүштөр боюнча пайыздар жана дивиденддер чегерилбейт. Эгерде бул жабык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринде каралса, жабык үлүштүк инвестициялык фонддун үлүштөрүнө карата орто аралыктагы киреше чегерилиши жана төлөп берилиши мүмкүн.

4. Ар бир инвестициялык үлүш мүлккө болгон жалпы менчикти түзүүчү үлүштүк инвестициялык фонддун укугундагы бирдей үлүштү жана бирдей укукту ырастайт.

5. Инвестициялык үлүштөр документтик эмес формада чыгарылат.

6. Инвестициялык үлүштөрдү төлөө улуттук валютадагы акча каражаттары менен жүргүзүлөт. Квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддордун инвестициялык үлүштөрүн төлөө улуттук же чет өлкөлүк валютада, ошондой эле башка мүлк түрүндө жүргүзүлүшү мүмкүн. Инвестициялык фондго чет өлкөлүк валютаны салганда, ал Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча эсепке алынат. Үлүштүк инвестициялык фондго мүлктү салганда, улуттук же чет өлкөлүк валютадагы акча каражаттарынан айырмалуу мүлктүн рыноктук наркы көз карандысыз баалоочунун корутундусу менен ырасталат.

7. Үлүштүк инвестициялык фонддун инвестициялык үлүштөрүнөн келип чыгуучу баалуу кагаздар квалификациялуу инвесторлор үчүн чыгарылган учурда алардын ээлери квалификациялуу инвесторлор гана боло алат.

8. Үлүштүк инвестициялык фондунун инвестициялык үлүштөрүн баштапкы жайгаштыруунун жыйынтыктары боюнча отчету баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилгенден кийин инвестициялык үлүштөр эркин жүгүртүлөт.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**21-статья. Үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелери**

1. Үлүштүк инвестициялык фонддун иши үлүштүк инвестициялык фондду башкаруучу компания тарабынан бекитилүүчү, ал эми ушул Мыйзамда каралган учурларда - инвестициялык үлүштөрдүн ээлеринин жалпы чогулушунда бекитилүүчү үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелери менен жөнгө салынат.

Үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринде төмөнкүлөр:

- үлүштүк инвестициялык фонддун толук жана кыскартылган аталышы;

- фонддун үлүштөрүн жабык үлүштүк инвестициялык фонддор үчүн квалификациялуу инвесторлор гана сатып алышы мүмкүн;

- үлүштүк инвестициялык фонддун түрү;

- компанияны башкаруучунун фирмалык аталышы, турган орду, уюштуруу-укуктук формасы, тиешелүү лицензияны алган күн жана лицензиясынын номери;

- депозитарийдин, адистештирилген каттоочу турган орду, аталышы, тийиштүү лицензияны алган күн жана лицензиянын номери;

- үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринин ажыралгыс бөлүгү болуп саналган, инвестициялык декларацияда баяндалган ишке ашырылып жаткан инвестициялардын багыттары;

- инвестициялык фондду башкаруучу компаниянын укуктары жана милдеттери;

- башкаруучу компанияга акы төлөп берүүнүн өлчөмү, шарты жана тартиби;

- үлүштүк инвестициялык фондду башкаруу боюнча башкаруучу компанияга орду толтурулуп бериле турган чыгымдардын түрлөрү, ошондой эле мындай чыгымдарга карата белгиленген чектөөлөр;

- жабык үлүштүк инвестициялык фонддор үчүн инвестициялык үлүштөрдүн ээлеринин жалпы чогулушун чакыруунун жана өткөрүүнүн тартиби;

- орто аралыктагы кирешени төлөөнү караган жабык үлүштүк инвестициялык фонддор үчүн мындай кирешени эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби;

- инвестициялык үлүштөрдүн ээлеринин укуктары, инвестициялык үлүштөрдү жайгаштыруунун жана сатып алуунун тартиби жана шарттары;

- инвестициялык фонддун таза активдеринин наркын аныктоонун тартиби;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген башка маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш.

Үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелери баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан катталууга тийиш.

Жабык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор каттоо жөнүндө билдирүү жарыялангандан кийинки күнү күчүнө кирет.

2. Үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине киргизилүүчү өзгөртүүлөр менен толуктоолор баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталууга тийиш.

Үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерин же үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине өзгөртүүлөр менен толуктоолорду каттоо жөнүндөгү билдирүү, бул эрежелердин же өзгөртүүлөр менен толуктоолордун толук тексти менен тааныштыруунун тартиби жөнүндөгү маалыматты камтуу менен массалык маалымат каражаттарынын басылмаларында жарыяланууга тийиш.

Үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине киргизилген өзгөртүүлөр менен толуктоолор аларды каттоо жөнүндөгү билдирүү жарыяланган күндөн тартып бир айдын ичинде күчүнө кирет.

Интервалдык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине киргизилген өзгөртүүлөр менен толуктоолорду каттоо жөнүндө билдирүү жарыялангандан кийинки жакынкы табыштамаларды кабыл алуунун мөөнөтү аяктаган күндөн кийинки күндөн тартып күчүнө кирет.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2010-жылдын 11-мартындагы N 47, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**22-статья. Инвестициялык үлүштөрдү алууга жана сатып алууга арыз**

1. Инвестициялык үлүштү сатып алууга табыштама берүү мүлктү үлүштүк инвестициялык фонддун курамында ишенимдүү башкарууга берүү жөнүндө офертанын акцепти болуп саналат.

2. Инвестициялык үлүштөрдү алууга жана сатып алууга арыз баш тарткыс мүнөздө болот. Үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине ылайык арыз компанияга жана/же инвестициялык үлүштөрдү жайгаштыруу жана сатып алуу боюнча агенттерге берилет.

3. Инвестициялык үлүштөрдү алгачкы жайгаштыруу мөөнөтүнүн ичинде сатып алууга арыз кабыл алынбайт.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**23-статья. Үлүштүк инвестициялык фонддун инвестициялык үлүштөрүн алгачкы жайгаштыруу**

1. Ачык жана интервалдык үлүштүк инвестициялык фонддордун инвестициялык үлүштөрү аларды ачык сунуштоо аркылуу гана жайгаштырылышы мүмкүн. Жабык үлүштүк инвестициялык фонддун инвестициялык үлүштөрүн жайгаштыруу жеке сунуштоо жолу менен жүрүшү мүмкүн.

2. Инвестициялык үлүштөрдү алгачкы жайгаштыруу үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелери менен аныкталат жана 90 календардык күндөн ашпоого тийиш.

3. Алгачкы жайгаштырууда инвестициялык үлүштүн наркы башкаруучу компания тарабынан белгиленет жана инвестициялык үлүштөрдү алгачкы жайгаштыруунун бүткүл мөөнөтүнүн ичинде өзгөрүлүүгө тийиш эмес.

4. Инвестициялык үлүштөрдү алгачкы жайгаштыруу мөөнөтү аяктагандан кийин үлүштүк инвестициялык фонддун таза активдеринин наркы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген суммадан кем болбоого тийиш. Андай болбогон учурда башкаруучу компания инвестициялык үлүштөрдү алууга арыздарды кабыл алууну токтотууга милдеттүү жана үлүштүк инвестициялык фонд жоюлат. Алгачкы жайгаштыруунун натыйжасында алынган каражаттар инвестициялык үлүштөрдүн ээлерине кайра кайтарылат.

5. Инвестициялык үлүштөрдү алгачкы жайгаштыруу мезгилинде башкаруучу компания алынган акча каражаттарын коммерциялык банктарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын баалуу кагаздары жана мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндө депозитте гана жайгаштырууга укуктуу.

6. Инвестициялык үлүштөрдү алгачкы жайгаштыруу мөөнөтү аяктагандан кийин 5 календардык күндөн кечиктирбестен башкаруучу компания инвестициялык үлүштөрдү алгачкы жайгаштыруунун жыйынтыктары жөнүндө отчетту Баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бекитүүсүнө сунуш кылууга жана инвестициялык үлүштөр ачык жайгаштырылган учурда аны басылмаларда жарыялоого милдеттүү.

7. Ачык жана интервалдык үлүштүк инвестициялык фонддор үчүн инвестициялык үлүштөрдүн алгачкы жайгаштырылуусунун жыйынтыктарын каттоодо жайгаштырылбай калган инвестициялык үлүштөр жокко чыгарылбайт, алар эмитент сатып алган баалуу кагаздардын эсебине киргизилет жана кийин ал тарабынан сатылышы мүмкүн. Инвестициялык үлүштөрдүн эмитенти өзүнүн инвестициялык үлүштөрүнүн сатылышы жана сатып алынышы жөнүндө баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга ай сайын маалымдоого милдеттүү.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2010-жылдын 11-мартындагы N 47, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**24-статья. Башкаруучу компания тарабынан инвестициялык үлүштөрдүн кийинки сатылышы жана сатып алынышы**

*(Статьянын аталышы КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык*

1. Инвестициялык үлүштү сатып алуунун же сатуунун баасы башкаруучу компания тарабынан үлүштүк инвестициялык фонддун таза активдеринин наркын ал өзү жайгаштырган инвестициялык үлүштүн санына бөлүү жолу менен эсептелип чыгат.

Чыгарылган инвестициялык үлүштөрдү сатып алуу милдеттенмеси менен үлүштүк инвестициялык фонддун инвестициялык үлүштөрүн жайгаштырууга жана сатып алууга белгиленген баа бир күндүн ичинде өзгөрө албайт.

Интервалдык үлүштүк инвестициялык фонддун инвестициялык үлүштөрүн жайгаштырууга жана сатып алууга белгиленген баа инвестициялык үлүштөрдү сатып алууга табыштамаларды кабыл алуу мөөнөтүнүн ичинде өзгөрө албайт.

*2. (КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

3. Үлүштүк инвестициялык фонддун чыгарылган инвестициялык үлүштөрүн сатып алуу милдеттенмеси менен үлүштүк инвестициялык фонддун инвестициялык үлүштөрүн жайгаштырууга жана сатып алууга табыштамалар ар бир жумуш күнү кабыл алынат.

Интервалдык үлүштүк инвестициялык фонддун инвестициялык үлүштөрүн алууга жана сатып алуу арыздар анын эрежелеринде аныкталган мөөнөттүн ичинде гана кабыл алынат.

4. Өзү эмиссиялаган инвестициялык үлүштөрүн сатып алууга милдеттүү үлүштүк инвестициялык фонддун инвестициялык үлүштөрүнүн ээлери өздөрүнө таандык инвестициялык үлүштөрдү сатып алууга арызды алгачкы жайгаштыруу мөөнөтү аяктаган күндөн кийинки күндөн тартып берүүгө укуктуу.

Интервалдык үлүштүк инвестициялык фонддун инвестициялык үлүштөрүнүн ээлери өздөрүнө таандык инвестициялык үлүштөрдү сатып алууга арызды интервалдык үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринде белгиленген мөөнөттө берүүгө укуктуу.

5. Инвестициялык үлүштөрдү жайгаштыруу жана сатып алуу тартиби үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелери менен аныкталат.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**25-статья. Үлүштүк инвестициялык фондду жоюу**

1. Үлүштүк инвестициялык фонд төмөнкүдөй учурларда:

- башкаруучу компаниянын демилгеси боюнча;

- эгерде инвестициялык үлүштөрдү алгачкы жайгаштыруунун мөөнөтү аяктагандыгынын натыйжасында инвестициялык фонддун таза активдеринин наркы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген сандан азды түзсө;

- эгерде фонддун башкаруучу компаниясынын тиешелүү лицензиясы жокко чыгарылса жана лицензия жокко чыгарылган күндөн тартып бир айдын ичинде анын укуктары менен милдеттери башка башкаруучу компанияга өткөрүп берилбесе;

- эгерде башкаруучу компаниянын өз ыктыяры менен жоюлушу жөнүндө чечим кабыл алынса;

- эгерде үлүштүк инвестициялык фонддун тиешелүү депозитарийинин лицензиясы жоюлса жана лицензия жокко чыгарылган күндөн тартып бир айдын ичинде башка депозитарий менен келишим түзүлбөсө;

- эгерде үлүштүк фонд түзүлгөн мөөнөт аяктаса;

- ушул Мыйзамдын 18-1-статьясына ылайык жабык үлүштүк инвестициялык фонддун үлүш ээлеринин жалпы чогулушунун чечими боюнча;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда жоюлат.

2. Фонд жоюлган учурда аны түзгөн мүлк сатылат. Андан түшкөн каражаттар кредиторлордун талаптары канааттандырылгандан, фондду жойгон жакка акы төлөгөндөн жана жоюуга байланышкан чыгымдардын орду толтурулгандан, фондду башкаруучу компанияга, депозитарийге, адистештирилген каттоочуга, аудиторго жана фонддун көз карандысыз баа берүүчүсүнө чегерилген акы төлөнгөндөн кийин анын инвестициялык үлүштөрүнүн ээлеринин ортосунда өздөрүнө таандык болгон инвестициялык үлүштөрдүн санына пропорциялуу бөлүштүрүлөт.

3. Үлүштүк фондду жоюу, анын ичинде аны түзгөн мүлктү сатуу, кредиторлордун талаптарын канааттандыруу жана акча каражаттарын инвестициялык үлүштөрдүн ээлеринин ортосунда бөлүштүрүү боюнча милдет фонддун компаниясын башкаруучуга, ал эми анын лицензиясы жоюлган же фондду башкаруучу компания жоюлган учурда Баалуу кагаздар рыногу боюнча улуттук комиссия дайындаган фондду убактылуу башкаруучуга, ал эми мындай башкаруучу дайындалбаган учурда фонддун адистештирилген депозитарийине жүктөлөт.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2010-жылдын 11-мартындагы N 47, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## IV бөлүм
## Инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы. Инвестициялык фонддун чыгымдары

*(Бөлүмдүн аталышы КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 26-статья. Инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы

1. Инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы - баалуу кагаздар рыногу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын лицензиясына ээ болгон, акционердик инвестициялык фондду башкаруу жөнүндө келишимди түзгөн же үлүштүк инвестициялык фонддун эрежесин каттаган юридикалык жак.

Башкаруучу компания өз ишин баалуу кагаздар рыногундагы брокердик жана дилердик иштер менен айкалыштырууга укуктуу, мында ага баалуу кагаздар менен бүтүмдөрдү жасоодо бир эле убакта инвестициялык фонддун жана мындай бүтүм боюнча контрагенттин кызыкчылыктарынын өкүлү болууга тыюу салынат.

2. Башкаруучу компания тиешелүү фонддордун инвестициялык декларацияларындагы алардын инвестициялык максаттарынын мазмуну бири-биринен айырмаланган шартта бир нече инвестициялык фонддорду башкарууга укуктуу, мында бир башкаруучу компанияга ээ инвестициялык фонддордун ортосундагы бүтүмдөргө тыюу салынат.

3. Юридикалык жак башкаруучу компаниянын аткаруучу органы боло албайт.

4. Башкаруучу компания өз атынан иш жүргүзөт. Мында ал инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы катары иш жүргүзө тургандыгын көрсөтүүгө жана инвестициялык фонддун аталышына таянууга милдеттүү.

5. Башкаруучу компания акциялары инвестициялык фондго таандык болгон акционердик коомдорду башкарууга атайын ишеним каты болбой туруп эле катышууга укуктуу.

6. Башкаруучу компания инвестициялык фондду инвестициялык үлүштөрдүн ээлеринин жана фонддун акционерлеринин таламында башкарууга милдеттүү.

7. Инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы инвестициялык фонддун активдеринин менчик ээси болуп саналбайт. Инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясынын мүлкү инвестициялык фонддун мүлкүнөн бөлөк турууга тийиш.

8. Банктар инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясынын функцияларын жүзөгө ашырууга укуксуз.

9. Башкаруучу компаниянын өзүнүн минималдуу капиталы боюнча талаптары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

10. Инвестициялык фондду башкаруучу компаниянын кызмат адамдарына карата квалификациялык талаптарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2010-жылдын 11-мартындагы N 47, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

27-статья. Инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясынын функциялары жана милдеттери

1. Инвестициялык фондду башкаруучу компания өз функцияларын инвестициялык фонддун инвестициялык декларациясына, үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине, уставга жана башкаруучу компания менен акционердик инвестициялык фонддун директорлор кеңешинин ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык жүзөгө ашырат.

2. Инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы төмөнкүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:

- фонддун баалуу кагаздарын жайгаштыруу жана инвестициялык чечимдерди турмушка ашыруу процессинде инвестициялык фонддун депозитарийи жана баалуу кагаздар рыногунун башка кесипкөй катышуучулары менен эриш-аркак аракеттенет;

- инвестициялык фонддун акча каражаттарын инвестициялык активдерге инвестициялоо жөнүндө чечим кабыл алат жана бул активдер менен ар кандай жарандык-укуктук бүтүмдөрдү жүргүзөт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жол берилген башка функцияларды аткарат.

3. Башкаруучу компаниянын милдеттерине төмөнкүлөр:

- инвестициялык фонддун инвестициялык саясатын анын инвестициялык декларациясынын негизинде жүзөгө ашыруу, ал инвестициялык активдер жагынан ар кандай бүтүмдөрдү түзүү жана ишке ашыруу жөнүндө чечимдерди кабыл алууну өзүнө камтыйт;

- өз ишинин натыйжалары жөнүндө акционердик инвестициялык фонддун директорлор кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында дайыма отчет берүү;

- бардык үчүнчү жактар менен мамилелерде инвестициялык фонддун таламдарын билдирүү;

- акционердик инвестициялык фондду башкаруу жөнүндө тиешелүү келишимде, үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринде жана Баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ченемдик укуктук актыларында белгиленген башка милдеттер кирет.

4. Башкаруучу компаниянын инвестициялык фондду башкаруу боюнча өзү кабыл алган чечимдерин аткаруу боюнча тапшырмаларын депозитарий жана бул инвестициялык фондго тиешелүү келишимдердин негизинде кызмат көрсөткөн баалуу кагаздар рыногунун башка кесипкөй катышуучулары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш.

5. Башкаруучу компаниянын жана кызмат адамдары өзүнүн укукка жат иш-аракеттери үчүн, анын ичинде инвестициялык фондго келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мүлктүк, тартиптик, административдик жана жазык жоопкерчилигин тартат.

6. Акционердик инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы директорлор кеңешинин макулдугу болмоюнча төмөнкүлөргө:

- алар менен бүтүмдүн натыйжасында башкаруучу компания жарандык-укуктук мамилеге, болбосо менчик ээсинин же кредитордун укугуна ээ болгон уюмдарга инвестициялык фонд инвестицияларды жасаган чечимдерди кабыл алууга же иш-аракеттерди жасоого;

- тараптардын бири акцияларынын 5 же андан ашык пайызын инвестициялык фонд ээлеген уюм болгон бүтүмдөр жагында үчүнчү жактарга консультация берүүгө укуксуз.

7. *(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67 мыйзамына ылайык алып салынган)*

8. Акционердик инвестициялык фондду башкаруу жөнүндө келишимде жана үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринде тараптардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги, инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясынын ишине акы төлөө тартиби, мөөнөтү жана өлчөмү, баалуу кагаздар жана башка субъекттер рыногунун кесипкөй катышуучулары менен өз ара мамилелерде инвестициялык фонддун таламдарын билдирүү шарттары белгиленет.

Акционердик инвестициялык фондду башкаруу жөнүндө башкаруучу компаниясы менен келишимге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү директорлор кеңешинин чечими боюнча жүргүзүлөт.

Үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор башкаруучу компания тарабынан киргизилет.

*(КР [2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67](), [2010-жылдын 11-мартындагы № 47]() Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**28-статья. Инвестициялык фонддун чыгымдары**

1. Инвестициялык фонддун чыгымдары болуп төмөнкүлөр саналат:

- акционердик инвестициялык фонддун аткаруу органына жана үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясына сыйакы;

- инвестициялык фонддун директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн акысы;

- рекламага чыгым;

- аудитордун жана көз карандысыз баа берүүчүнүн кызматтарына чыгымдар;

- инвестициялык фонддун иши менен байланышкан баалуу кагаздар боюнча кесиптик иш аткарган депозитарийдин жана башка уюмдардын кызматтарына чыгымдар.

- акционерлердин жалпы чогулушун жана инвестициялык үлүштөрдүн ээлеринин жалпы чогулушун (жабык үлүштүк инвестициялык фонддор үчүн) өткөрүүгө чыгымдар;

- инвестициялык активдерди сатып алууга, ээлөөгө жана сатып өткөрүүгө байланышкан чыгымдар;

- инвестициялык активдердин баасынын жагымсыз жакка өзгөрүшүн хеджерлөөгө чыгымдар.

Ушул статьяда көрсөтүлгөн чыгымдарды кошпогондо, инвестициялык фондду башкарууга байланышкан дагы башка чыгымдар аткаруу органдын сыйакысына жумшалган каражаттардын эсебинен ишке ашырылат";

2. Инвестициялык фонддун баалуу кагаздарын жайгаштыруу жана сатып алуу боюнча агенттердин жайгаштыруу жана сатып алуу менен байланышкан чыгымдары инвестициялык фонддун чыгымдарына кирбейт жана операция жүргүзүлгөн учурдагы баалуу кагаздардын наркынын 5 пайызынан ашпайт.

3. Квалификациялуу инвесторлор үчүн акционердик инвестициялык фондорду кошпогондо, акционердик инвестициялык фонддун жылдык жыйынды чыгымдарынын эң жогорку чеги инвестициялык фонддун таза активдеринин жылдык орточо наркынын 8 пайызынан ашпайт.

Квалификациялуу инвесторлор үчүн үлүштүк инвестициялык фонддорду кошпогондо, үлүштүк инвестициялык фонддун жылдык жыйынды чыгымдарынын эң жогорку чеги инвестициялык фонддун таза активдеринин жылдык орточо наркынын 5 пайызынан ашпайт.

4. Акционердик инвестициялык фондду башкаруу жөнүндө келишимде же үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринде инвестициялык фонддун жылдык эң жогорку жыйынды чыгымдарын 8 пайыздан аз өлчөмдө чектөө каралышы мүмкүн.

5. Инвестициялык фонддун таза активдеринин наркын аныктоо тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2010-жылдын 11-мартындагы N 47, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**29-статья. Акционердик инвестициялык фондду башкаруу органдарына жана үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясына сыйакы**

1. Акционердик инвестициялык фонддун Квалификациялуу инвесторлор үчүн үлүштүк инвестициялык фонддордон башка башкаруу органдарына жана үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясына сыйакынын эң жогорку өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

2. Эгерде инвестициялык фондду башкаруу иши менен алектенген компаниянын башкаруучусунун лицензиясы фонддун жоюлушуна алып келген себеп боюнча чакыртып алынса жана/же жокко чыгарылса, анда башкаруучу компанияга фондду жоюу процессинде эсептелген сыйакы төлөнбөйт.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2010-жылдын 11-мартындагы N 47, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## V бөлүм
## Инвестициялык фонддун мүлкүн эсепке алуу жана сактоо. Инвесторлордун укуктарын эсепке алуу

30-статья. Отчеттуулук жана талап кылынган жазууларды жүргүзүү

1. Инвестициялык фонд өз ишинин натыйжалары боюнча бухгалтердик эсеп жүргүзөт жана отчет түзөт, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык статистикалык отчеттуулукту жүргүзөт.

2. Жазууларды жүргүзүү, мүлктү сактоо жана инвестициялык фонддордун баалуу кагаздарына карата укуктарды эсепке алуу тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

3. Акционердик инвестициялык фонд жана үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы аудитордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө келишим түзүүгө милдеттүү.

Аныгын аныктоо жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келүү жагынан аудитордук текшерүүгө бухгалтердик эсеп, акционердик инвестициялык фондго таандык болгон мүлктү эсепке алуу жана отчеттуулукту түзүү, үлүштүк инвестициялык фондду түзүүчү мүлк жана бул мүлк менен жасалган операциялар алынат.

4. Акционердик инвестициялык фонддун жана үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясынын иши жөнүндөгү маалыматтарды ачууга талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67, 2010-жылдын 11-мартындагы № 47 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**31-статья. Инвестициялык фонддун инвестициялык активдерине болгон укуктарды эсепке алууга жана аларды сактоого карата талаптар**

1. Акционердик инвестициялык фонд жана үлүштүк инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар рыногу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык лицензияланган депозитарийде сактала турган активдерге укуктарды эсепке алуу үчүн инвестициялык фонддун депозитарийи менен келишим түзүүгө;

- инвестициялык фонддун инвестициялык портфелин түзүүчү баалуу кагаздарга болгон укуктарды инвестициялык фонддун депозитарийинде эсепке алууну өз-өзүнчө эсептерде жүзөгө ашырууга;

- Кыргыз Республикасынын резиденттери эмес - эмитенттери тарабынан чыгарылган баалуу кагаздарды инвестициялык фонддун депозитарийинин жана чет өлкөлүк депозитарийлердин ортосундагы келишимдик корреспонденттик мамилелердин тутуму аркылуу инвестициялык фонддун депозитарийинде эсепке алууну жүзөгө ашырууга;

- инвестициялык фонддун инвестициялык активдеринин курамына кирген банктык депозиттерге, кыймылсыз мүлктөргө жана башка мүлктөргө карата укук белгилөөчү жана укук ырастоочу бардык документтердин көчүрмөлөрүн инвестициялык фонддун депозитарийине берүүгө, ошондой эле инвестициялык фонддун депозитарийинин талабы боюнча мүлккө же депозитке менчик укуктарын эсепке алуучу органдан мындай депозиттердин жана мүлктөрдүн факт жүзүндө бар экенин бышыктоочу эсеп боюнча маалымкатты/көчүрмөнү алып берүүгө.

2. Инвестициялык фонддордун мүлкүн сактоонун жана баалуу кагаздарга укуктарды эсепке алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

*(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**32-статья. Инвестициялык фонддун депозитарийи**

1. Тиешелүү лицензиясы бар уюм инвестициялык фонддун депозитарийи боло алат. Инвестициялык фонд чет өлкөлүк эмитенттердин баалуу кагаздарын иши чет мамлекеттин мыйзамдары боюнча жүзөгө ашырылуучу чет өлкөлүк депозитарийлерде сактоого укуктуу.

2. Депозитарий акционердик инвестициялык фонддун жана үлүштүк инвестициялык фонддун инвесторлорунун таламдарында гана аракеттенет.

3. Активдеринин курамына бир депозитарийде эсепке алууга мүмкүн болбогон активдер кирген фонддорду кошпогондо, Ар бир инвестициялык фонддун бир гана депозитарийи болууга тийиш.

4. Инвестициялык фонддун депозитарийи төмөнкүлөргө:

- инвестициялык фонддун жана башкаруучу компаниянын ушул Мыйзамды, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, акционердик

инвестициялык фонддун уставын, үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерин, инвестициялык декларацияны сакташына контролдук кылууга;

- инвестициялык фонддун мүлкүнүн, анын ичинде, өзүнчө баланстын эсебин, анын оошуп кетишине, анын ичинде, депозитарийге же башкаруучу компанияга таандык болгон мүлк менен оошуп кетүүсүнө жол бербей өзүнчө жүргүзүүгө;

- инвестициялык фонддун мүлкү үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине, акционердик инвестициялык фонддун уставына жана акциялардын эмиссиясынын проспектисине ылайык тескелишине контролдук кылууга;

- инвестициялык фонддордун депозитарийлеринин ишине карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген башка талаптарды аткарууга милдеттүү.

5. Инвестициялык фонддун депозитарийи төмөндөгүлөргө укугу жок:

- инвестициялык фондго таандык болгон акча каражаттары менен баалуу кагаздарды пайдаланууга жана тескөөгө;

- инвестициялык фондго же башкаруучу компанияга инвестициялык фонддун акча каражаттары менен баалуу кагаздарын башкарууга макулдук берүүгө, ошондой эле инвестициялык фонддун же башкаруучу компаниянын инвестициялык фонддун баалуу кагаздарын өткөрүп берүү боюнча тапшырмаларын аткарууга, эгерде мындай тескемелер жана өткөрүп берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана тиешелүү түрдө акционердик инвестициялык фонддун уставына жана инвестициялык декларациясына, акционердик инвестициялык фонд менен башкаруучу компаниянын ортосундагы келишимге жана үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерине карама-каршы келсе.

6. Инвестициялык фонддун депозитарийине карата талаптарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

7. Инвестициялык фонддун депозитарийи өзүнүн мыйзамга ылайык келбеген иштери үчүн, анын ичинде инвестициялык фондго келтирген зыяны үчүн да инвестициялык фонддун башкаруучу компаниясы менен мүлктүк жоопкерчиликти бирге тартат.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2010-жылдын 11-мартындагы N 47, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## VI бөлүм
## Инвестициялык фонддордун ишин чектөө

### 33-статья. Инвестициялык фонддордун ишин чектөө

1. Инвестициялык фонд төмөнкүдөй иш-аракеттерди жасоого:

- кабыл алуу шарттары жана тартиби инвестициялык фонддун уставына жана эрежелерине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келген милдеттенмелерди өзүнө алууга;

- инвестициялык декларацияда көрсөтүлбөгөн активдерге инвестициялоону жүзөгө ашырууга;

- квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддорду жана мамлекеттик баалуу кагаздарга жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан кепилденген баалуу кагаздарга инвестициялоону кошпогондо, инвестициялык фонддун бардык таза активдеринин 20 пайыздан ашыгын бир эмитенттин баалуу кагаздарына инвестициялоо жүргүзүүгө;

- инвестициялык фонддордун аффилирленген жактары, депозитарий, көз карандысыз аудитор, көз карандысыз баа берүүчү, ошондой эле алардын аффилирленген жактары чыгарган баалуу кагаздарга каражаттарды инвестициялоого;

- өзү ээлик кылбаган жана ээлик кылууга укугу болбогон баалуу кагаздарды сатуу жөнүндө келишим түзүүгө;

- таза активдердин 20 пайызынан ашкан инвестициялык активин күрөөгө коюу менен акча каражаттары же башка мүлк түрүндө карыз берүүгө;

- квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддорду кошпогондо, эгерде кайтарылуусу тийиш болгон кредиттин (карыздын) жалпы көлөмү кредит (карыз) жөнүндө келишимге кол коюлган күнгө карата инвестициялык фонддун таза активдеринин наркынын 10 пайызынан ашса, карыз капиталын тартууга. Кредит (карыз) узартуу укугусуз 6 айдан ашпаган мөөнөткө алынышы мүмкүн. Кредит (карыз) жөнүндө келишим инвестициялык фонд чыгарган баалуу кагаздарды сатып алуу үчүн зарыл болгон акча каражаттарына кыска мөөнөттүү муктаждыкты канааттандыруу үчүн гана акционердик инвестициялык фонд же үлүштүк инвестициялык фондду башкаруучу компания менен түзүлүшү мүмкүн;

- инвестициялык активдер менен репо операцияларын кошпогондо, кандай гана болбосун түрдөгү кепилдиктерди берүүгө же күрөө бүтүмдөрүн жасоого;

- брокер катарында чыгууга;

- квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддорду кошпогондо, башка инвестициялык фонддор чыгарган баалуу кагаздарды сатып алууга;

- бул инвестициялык фонддун аффилирленген жактары менен бүтүм түзүүгө;

- квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддорду кошпогондо, инвестициялык фонддун туунду ишканаларын түзүүгө;

- фонд чыгарган баалуу кагаздардан пайда (киреше) алууга же алардын наркынын көтөрүлүшүн кепилдөөгө же убада кылууга;

- өзү эмиссияланган акцияларды сатып алууга милдеттүү эмес, акционердик инвестициялык фонд чыгарган акцияларды сатып алууну же кайра сатып алууну кепилдөөгө же убада кылууга укуксуз;

- квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддорду кошпогондо, күрөөлүк бүтүмдөрдү жасоого.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү инвестициялык фонддордун ишине кошумча чектөөлөрдү белгилеши мүмкүн.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги N 67, 2010-жылдын 11-мартындагы N 47, 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## VI-1 глава. Квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддор

*(Глава КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**33-1-статья. Квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддорду түзүү**

1. Акционердик инвестициялык фонддун уставында жана эмиссия проспектинде жана үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелеринде инвестициялык фонд квалификациялуу инвесторлорго гана арнала турганы каралышы мүмкүн.

Ушул Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, мындай фонддордун акцияларын (үлүштөрүн) квалификациялуу инвестор болуп саналбаган жактардын сатып алышына жол берилбейт.

2. Квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонд өзүнүн статусун акцияларын (үлүштөрүн) квалификациялуу инвестор болуп саналбаган жактардын сатып алышына жол берген фондго өзгөртө албайт.

3. Инвестициялык фонд квалификациялуу инвесторлорго гана арналганы жөнүндө маалыматтар инвестициялык фонддун эмиссия проспектинин (эрежелеринин) титулдук барагында, ошондой эле инвестициялык фонддун эмиссия проспектинин (эрежелеринин) текстинин эң башталышында көрсөтүлүүгө тийиш, ал эми акционердик инвестициялык фонд үчүн анын уставында да көрсөтүлүүгө тийиш.

Квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддун кандай гана болбосун ачык кулактандыруулары бул фонд квалификациялуу инвесторлор үчүн гана экенин көрсөтүү менен коштолууга тийиш.

4. Жабык үлүштүк инвестициялык фонддор квалификациялуу инвесторлор үчүн фонддор гана болушу мүмкүн.

*(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**33-2-статья. Инвесторду квалификациялуу инвестор деп таануу**

1. Инвестордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган квалификациялуу инвестордун критерийлерине ылайык келүүсү инвестор менен келишимдик мамилелери бар Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусу тарабынан белгиленет.

Кесипкөй инвесторлор үчүн инвестициялык фонддун акцияларына (үлүштөрүнө) карата инвестордун укуктарын эсепке алууда баалуу кагаздар рыногунун көптөгөн кесипкөй катышуучулары катышканда, баалуу кагаздар рыногунун инвестор менен келишимдик мамилелери бар кесипкөй катышуучусу баалуу кагаздар рыногунун ушул катышуучусу менен келишимдик мамилелери бар кесипкөй катышуучуларынын суроо-талабы боюнча бул инвестордун квалификациялуу инвестордун статусуна ылайык келе турганын ырастоого милдеттүү.

2. Квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддун акциялары (үлүштөрү) баштапкы же экинчи рынокто баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй

катышуучусу тарабынан өзүнүн кардарынын кызыкчылыгы үчүн сатып алынган учурда, баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусу квалификациялуу инвестор болуп саналуучу жактын кызыкчылыктарында иш жүргүзүп жатканы тууралуу акционердик инвестициялык фонддун, башкаруучу компаниянын, адистешкен каттоочунун, депозитарийдин, фонддук биржанын суроо-талабы боюнча аларга жазуу жүзүндө ырастоо берүүгө милдеттүү.

3. Квалификациялуу инвестор болуп саналбаган инвестордун кызыкчылыгында баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусу сатып алган, квалификациялуу инвесторлор үчүн акционердик коомго тийиштүү болгон акциянын (үлүштүк инвестициялык фондго тийиштүү болгон үлүштүн) рыноктук наркынын төмөндөшүнүн натыйжасында инвестордо келип чыгуучу чыгашалар үчүн баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун квалификациялуу инвестор болуп саналбаган инвестордун алдындагы жоопкерчилиги баалуу кагаздар рыногу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет.

Эгерде баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусу инвестор өзү жөнүндө же баалуу кагаздар рыногунун бул инвестордун кызыкчылыгында иш жүргүзгөн кесипкөй катышуучусу билдирген жалган маалыматтардын негизинде инвесторду квалификациялуу деп тааныса, ушул бөлүктө каралган жоопкерчилик келип чыкпайт.

*(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**33-3-статья. Квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддордун акцияларын (үлүштөрүн) жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрү**

1. Квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддордун акцияларын (үлүштөрүн) мураска алуу, ошондой эле жубайлар ажырашканда бирге топтогон мүлктү бөлүштүрүүнүн натыйжасында, жоюлган уюмдун мүлкүн бөлүштүрүүнүн натыйжасында жана күрөө предметине өндүрүп алууну жүгүртүүнүн жүрүшүндө күрөөнүн предметин өзүнө калтырууда аларды сатып алуу чектелбейт.

2. Эгерде инвестор квалификациялуу инвестор болуп саналбаган же болбосо квалификациялуу инвестордун статусун жоготкон учурда, акционердик инвестициялык фонд (үлүштүк инвестициялык фондду башкаруучу компания) мындай инвесторго таандык болгон (же анын пайдасына ишенимдүү башкарууда турган) квалификациялуу инвесторлор үчүн арналган акциялар (үлүштөр) менен аларды тындыруу же квалификациялуу инвесторго ажыратып берүү боюнча гана операцияларды өткөрүүгө укуктуу.

3. Квалификациялуу инвесторлор үчүн инвестициялык фонддордун акцияларын (үлүштөрүн) Кыргыз Республикасынын резиденттери тарабынан фонддук биржада сатып алуу Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучулары аркылуу гана жүзөгө ашырылат.

*(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 41 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## VII бөлүм
## Инвестициялык фонддордун жана аларды башкаруучу компаниялардын ишине мамлекеттик контроль

*(Бөлүмдүн аталышы 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67 мыйзамынын редакциясына ылайык)*

34-статья. Инвестициялык фонддордун жана аларды башкаруучу компаниялардын ишине мамлекеттик контроль

1. Инвестициялык фонддордун жана аларды башкаруучу компаниялардын ишине мамлекеттик контролду, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте Баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүргүзөт.

2. Мамлекеттик контроль төмөнкүдөй учурларда:

- акционердик инвестициялык фонддун акцияларын чыгарууну мамлекеттик каттоодо;

- инвестициялык фонддорду жана аларды башкаруучу компанияларды лицензиялоодо;

- үлүштүк инвестициялык фонддун эрежелерин каттоодо жүргүзүлөт.

Инвестициялык фонддордун, аларды башкаруучу компаниялардын жана инвестициялык фонддун иши менен байланышкан баалуу кагаздар рыногунун башка кесипкөй катышуучуларынын иши да мамлекет тарабынан контролдонот.

3. *(Бөлүк КР 2010-жылдын 11-мартындагы № 47 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67, 2010-жылдын 11-мартындагы № 47 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

35-статья. Проблемалуу инвестициялык фонддун финансылык абалын жакшыртуу

1. Баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, эгерде инвестициялык фонд мыйзамдарды жана ченемдик актыларды бузса же анын туруктуулугуна жана ишенимдүүлүгүнө коркунуч келтирген иш жүргүзсө, кийин ага карата таасир этүүнүн алда канча олуттуу чаралары колдонулушу мүмкүн экендигин билдирүү максатында ага эскертүү берет.

2. Эгерде инвестициялык фонд мыйзамдарды бузгандыгынын, экономикалык ченемдерди сактабагандыгынын же эсепке алууну жана отчеттуулукту бузгандыгынын фактылары табылса, Баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган эреже бузууларды четтетүүнүн мөөнөтүн көрсөтүү менен инвестициялык фондго активдер жагындагы жана/же, пассивдер жагындагы операцияларды токтотуу жөнүндө милдеттендирүүчү катты жиберет.

3. Баалуу кагаздар рыногу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган төмөндөгүдөй учурларда инвестициялык фонддун убактылуу башкаруучусун дайындайт:

- башкаруучу компаниянын инвестициялык фонддун ишинде эреже бузуулардын фактылары табылганда;

- инвестициялык фонддун финансылык абалы канааттандырарлыксыз болгондо;

- инвестициялык фондду башкарган органдардын ортосунда анын ишин бузушу мүмкүн болгон пикир келишпестиктер келип чыкканда;

- инвестициялык фонд башкаруусунан ажыраганда өткөрүп берет.

4. Инвестициялык фонддун финансылык абалын жакшыртуу менен байланышкан чараларды колдонуу тартиби, ошондой эле андай чаралардын тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

*(КР 2003-жылдын 8-апрелиндеги № 67, 2010-жылдын 11-мартындагы № 47 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## VIII бөлүм
## Корутунду жоболор

36-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

1. Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берсин;

- өз чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Акаев**